КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
Ош облусу
Алай району
Корул айылдык кеңеши

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
Ошская область
Алайский район
Корулский айылный кенеш

# Корул айылдык Кеңешинин 7-чакырылышынын кезектеги 24-отурумунун

# ТОКТОМУ

**19-октябрь. 2023-жыл** **№24/5** **Тогуз-Булак айылы**

**Маданият үйүнүн директорунун жана айылдык китепкана башчыларынын алып барып жаткан иштери боюнча**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 2-бөлүгүнүн 27-беренесинин 14-пунктуна таянып, маданият үйүнүн директорунун, Кен-Жылга жана Тогуз-Булак китепканачыларынын жүргүзүп жаткан иштерин карап чыгып талкуулап Корул айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Корул айыл өкмөтүндөгү маданият үйүнүн директору тарабынан алгылыктуу жумуштар жана иш-чаралар болуп жаткандыгы белгиленсин.
2. Даталуу күндөрү майрамдык кечелерди жогорку деңгээлде уюштуруу жагы маданият үйүнүн директору Калыкова Жигдегүлгө милдеттендирилсин.
3. Тогуз-Булак китепканасын селдин кесепетинен суу агызып кеткендигине байланыштуу, калган китептерди каттап, ирээттеп, фондтон бериле турган китептер менен толуктап, маданият үйүнүн өзүндө китеп окурмандарды кабыл алуусун токтотпостон иш алып баруусу китепкана башчыларына милдеттендирилсин.
4. Кен-Жылга китепканасынын башчысы Махпураткан Бекмаматова өз убагында китепкананы ачпай жаткандыгы жөнүндө айыл тургундары тарабынан оозеки даттануулар болуп жана дагы пенсия курагында иштеп жаткандыгына байланыштуу иш ордунан четтетүү жагы каралсын.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, социалдык маселелер, билим берүү, жаштар саясаты боюнча туруктуу комиссияга жана Корул айыл өкмөтүнүн башчысы Турганбаев Мустафага милдеттендирилсин.

Төрага **М.А.Абдыкадыров**